**Юридикалык жактарга банктык эсеп ачуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмеси**

## Кыргыз Республикасынын резиденттери болуп саналган юридикалык жактар үчүн:

**а)** колтамга үлгүлөрү карточкасында көрсөтүлгөн, келишимдерге жана финансылык документтерге биринчи жана экинчи кол коюуга ыйгарым укук берилген жактар тарабынан кол коюлган жана юридикалык жактын мөөрү менен тастыкталган банктык эсеп ачуу үчүн анкета-арыз (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**б)** Кардардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн колтамгаларынын үлгүлөрү жана Кардардын мөөрү түшүрүлгөн, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн карточка;

**в)** бенефициардык ээсинин анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**г)** Кыргыз Республикасынын Борбордук Казыналыгынын Банкта эсеп ачууга уруксаты (мамлекеттик органдар, ишканалар жана мамлекеттик бюджеттен каржыланган мекемелер үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык);

**Эскертүү: эсеп эмгек акы долбоорлору үчүн ачылган учурда КР Борбордук Казыналыгынын уруксаты талап кылынбайт.**

**д)** юридикалык жактын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө күбөлүк. Эркин экономикалык аймакта (мындан ары - ЭЭА) каттоодон өткөн юридикалык жактар үчүн юридикалык жактын ЭЭАнын субъекти катары каттоодон өткөндүгүн тастыктаган күбөлүктү кошумча берүү зарыл. Бул документтер төмөнкү формалардын бири боюнча берилиши керек: 1) түп нускасы, андан Банктын кызматкери салыштыруу белгиси менен көчүрмөсүн алып калууга милдеттүү; 2) нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же болбосо юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү; 3) же электрондук документ формасында (Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдарынын маалымат системалары аркылуу).

**е)** уюмдун уюштуруу-укуктук формасына жараша бардык өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн уюштуруу документтеринин көчүрмөсү;

**ж)** салык төлөөчү каттоодон өткөндүгү фактысын далилдеген жана анын СИНин (ИНН) милдеттүү түрдө камтыган Салык кызматы органынын маалымкаты (түп нускасы же электрондук документ формасында);

**з)** ЭЭАда катталган юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын статистика органдарында каттоодон өткөндүгүн тастыктаган документти (юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн) кошумча берүүгө тийиш;

**и)** эгерде, юридикалык жак КР мыйзамдарына ылайык милдеттүү түрдө лицензиялануучу тийиш болгон ишкердикти жүргүзгөн болсо, лицензиянын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же болбосо юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**к)** колтамга үлгүлөрү жана мөөрү түшүрүлгөн карточкада көрсөтүлгөн, эсептеги акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу экендигин тастыктаган документтердин (ыйгарым укуктуу башкаруу органдарынын чечимдеринин, буйруктардын, ишеним каттардын ж.б.) түп нускасы же болбосо юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

**л)** юридикалык жакты түзүү же мамлекеттик кайра каттоодон өткөндүгү жөнүндө

чечимдин юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (эгерде банктык эсепти ачуу учурунда юридикалык жак кайра каттоодон өткөн болсо, анда кайра каттоодон өтүү жөнүндө катышуучунун чечимин/акционерлердин жалпы жыйынынын протоколун берүү зарыл. Мында юридикалык жакты түзүү жөнүндө катышуучунун чечимин/акционерлердин жалпы жыйынынын протоколун талап кылынбайт);

**м)** юридикалык жактын акча каражаттарын башкарууга ыйгарым укуктуу адамдын инсандыгын күбөлөндүргөн документинин көчүрмөсү.

***Эскертүү:***

Банкка берилген документтин түп нускасы чет тилде түзүлгөн болсо, ошол документтин котормочу мекеме тарабынан күбөлөндүрүлгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилине котормосу берилүүгө тийиш.

**Кыргыз Республикасынын резиденти эмес юридикалык жактар үчүн:**

**а)** колтамга үлгүлөрү карточкасында көрсөтүлгөн, келишимдерге жана финансылык документтерге биринчи жана экинчи кол коюуга ыйгарым укук берилген жактар тарабынан кол коюлган жана юридикалык жактын мөөрү менен тастыкталган банктык эсеп ачуу үчүн анкета-арыз (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**б)** Кардардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн колтамгаларынын үлгүлөрү жана Кардардын мөөрү түшүрүлгөн, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн карточка;

**в)** бенефициардык ээсинин анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**г)** Кардардын юридикалык жак катары катталгандыгы жөнүндө тиешелүү өлкөнүн соода реестринен көчүрмөсү же болбосо ошол өлкөнүн мыйзамдарынын талаптарына ылайык Кардардын юридикалык жак катары катталгандыгын тастыктаган башка документ;

**д)** бардык өзгөрүүлөрү жана толуктоолору менен, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же тиешелүү өлкөнүн мыйзамдарына ылайык нотариалдык жактан күбөлөндүрүү мүмкүн эмес болгон шартта юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн уюштуруу документтеринин көчүрмөсү;

**е)** салык төлөөчү каттоодон өткөндүгү фактысын далилдеген жана анын СИНин (ИНН) милдеттүү түрдө камтыган Кыргыз Республикасынын Салык кызматы органынын маалымкаты (түп нускасы же электрондук документ формасында);

**ж)** юридикалык жак түзүлгөн өлкөнүн мыйзамдарынын талаптарына (бар болгон шартта) ылайык милдеттүү түрдө лицензияланууга тийиш болгон ишкердикти жүргүзүүгө мамлекеттик же расмий тилде аткарылган лицензиянын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же тиешелүү өлкөнүн мыйзамдарына ылайык нотариалдык жактан күбөлөндүрүү мүмкүн эмес болгон шартта юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**з)** колтамга үлгүлөрү жана мөөрү түшүрүлгөн карточкада көрсөтүлгөн, эсептеги акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу экендигин тастыктаган документтердин (ыйгарым укуктуу башкаруу органдарынын чечимдеринин, буйруктардын, ишеним каттардын ж.б.) түп нускасы же болбосо юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

**и)** юридикалык жактын акча каражаттарын башкарууга ыйгарым укуктуу адамдын инсандыгын күбөлөндүргөн документинин көчүрмөсү.

***Эскертүү:***

- Бардык документтер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык легалдаштырылышы керек. Эгерде Кыргыз Республикасынын резиденти эмес юридикалык жак 1961-жылдын 5-октябрындагы чет өлкөлүк расмий документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгарган Конвенцияга (Гаага конвенциясына) катышкан өлкөлөрдүн резиденти болуп саналса, анда документтерди легалдаштыруу талап кылынбайт.
- Легалдаштыруусу талап кылынбаган документтерге апостиль коюуга тийиш.
- Банкка берилген документтин түп нускасы чет тилде түзүлгөн болсо, ошол документтин котормочу мекеме тарабынан күбөлөндүрүлгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилине котормосу берилүүгө тийиш.

**Кыргыз Республикасынын резиденти болгон юридикалык жактардын обочо бөлүмдөрү (филиалдары, өкүлчүлүктөрү) үчүн:**

**а)** колтамга үлгүлөрү карточкасында көрсөтүлгөн, келишимдерге жана финансылык документтерге биринчи жана экинчи кол коюуга ыйгарым укук берилген жактар тарабынан кол коюлган жана юридикалык жактын мөөрү менен тастыкталган банктык эсеп ачуу үчүн анкета-арыз (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**б)** Кардардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн колтамгаларынын үлгүлөрү жана Кардардын мөөрү түшүрүлгөн, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн карточка;

**в)** бенефициардык ээсинин анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**г)** Кыргыз Республикасынын Борбордук Казыналыгынын Банкта эсеп ачууга уруксаты (мамлекеттик органдар, ишканалар жана мамлекеттик бюджеттен каржыланган мекемелер үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык);

**Эскертүү: эсеп эмгек акы долбоорлору үчүн ачылган учурда КР Борбордук Казыналыгынын уруксаты талап кылынбайт.**

**д)** юридикалык жактын Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө күбөлүк. ЭЭАда каттоодон өткөн юридикалык жактар үчүн юридикалык жактын ЭЭАнын субъекти катары каттоодон өткөндүгүн тастыктаган күбөлүктү кошумча берүү зарыл. Бул документтер төмөнкү формалардын бири боюнча берилиши керек: 1) түп нускасы, андан Банктын кызматкери салыштыруу белгиси менен көчүрмөсүн алып калууга милдеттүү; 2) нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же болбосо юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү; 3) же электрондук документ формасында (Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик органдарынын маалымат системалары аркылуу).

**е)** салык төлөөчү каттоодон өткөндүгү фактысын далилдеген жана анын СИНин (ИНН) милдеттүү түрдө камтыган Салык кызматы органынын маалымкаты (түп нускасы же электрондук документ формасында);

**ж)** ЭЭАда катталган юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын статистика органдарында каттоодон өткөндүгүн тастыктаган документти (юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн) кошумча берүүгө тийиш;

**з)** эгерде, юридикалык жак КР мыйзамдарына ылайык милдеттүү түрдө лицензияланууга тийиш болгон ишкердикти жүргүзгөн болсо, лицензиянын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же болбосо юридикалык жактын мөөрү жана жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү. КР мыйзамдарына ылайык лицензия эсеп ачылгандан кийин берилсе, лицензиянын көчүрмөсү ал алынгандан кийин берилет;

**и)** юридикалык жакты түзүү же мамлекеттик кайра каттоодон өткөндүгү жөнүндө чечимдин юридикалык жактын/филиалынын (өкүлчүлүгүнүн) мөөрү жана

юридикалык жактын/филиалынын (өкүлчүлүгүнүн) жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**к)** Кардардын башкы уюмунун өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн уюштуруу документтеринин көчүрмөсү;

**л)** обочо бөлүм анын негизинде иш алып барган (мисалы, Филиал жөнүндө жобо ж.б.) нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн бардык өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен даярдалган документтин көчүрмөсү;

**м)** филиалдын (өкүлчүлүктүн) Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө күбөлүк. Бул документ төмөнкү формалардын бири боюнча берилиши керек: 1) түп нускасы, андан Банктын кызматкери салыштыруу белгиси менен көчүрмөсүн алып калууга милдеттүү; 2) нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же болбосо юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү жана юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү; 3) же электрондук документ формасында;

**н)** колтамга үлгүлөрү жана мөөрү түшүрүлгөн карточкада көрсөтүлгөн, эсептеги акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу экендигин тастыктаган документтердин (ыйгарым укуктуу башкаруу органдарынын чечимдеринин, буйруктардын, ишеним каттардын ж.б.) түп нускасы же болбосо юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү жана юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

**о)** эгерде обочо бөлүм жөнүндө документте же обочо бөлүмдүн жетекчисине берилген ишеним катта бул чагылдырылбаса, операциялар тизмеги жана операцияларды ишке ашырууга юридикалык жактын расмий макулдугу чагылдырылган документ;

**п)** обочо бөлүмдүн акча каражаттарын башкарууга ыйгарым укуктуу адамдын инсандыгын күбөлөндүргөн документинин көчүрмөсү.

***Эскертүү:***

- Банкка берилген документтин түп нускасы чет тилде түзүлгөн болсо, ошол документтин котормочу мекеме тарабынан күбөлөндүрүлгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилине котормосу берилүүгө тийиш.

**Кыргыз Республикасынын резиденти эмес юридикалык жактардын обочо бөлүмдөрү (филиалдары, өкүлчүлүктөрү) үчүн:**

**а)** колтамга үлгүлөрү карточкасында көрсөтүлгөн, келишимдерге жана финансылык документтерге биринчи жана экинчи кол коюуга ыйгарым укук берилген жактар тарабынан кол коюлган жана юридикалык жактын мөөрү менен тастыкталган банктык эсеп ачуу үчүн анкета-арыз (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**б)** Кардардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн кол тамгаларынын үлгүлөрү жана Кардардын мөөрү түшүрүлгөн, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн карточка;

**в)** бенефициардык ээсинин анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**г)** Кардардын юридикалык жак катары катталгандыгы жөнүндө тиешелүү өлкөнүн соода реестринен көчүрмөсү же болбосо ошол өлкөнүн мыйзамдарынын талаптарына ылайык Кардардын юридикалык жак катары катталгандыгын тастыктаган башка документ;

**д)** Кардардын башкы уюмунун бардык өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же тиешелүү өлкөнүн мыйзамдарына ылайык, нотариалдык жактан күбөлөндүрүү мүмкүн эмес болгон шартта юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү жана юридикалык

жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн уюштуруу документтеринин көчүрмөсү;

**е)** салык төлөөчү каттоодон өткөндүгү фактысын далилдеген жана анын СИНин (ИНН) милдеттүү түрдө камтыган Кыргыз Республикасынын Салык кызматы органынын маалымкаты (түп нускасы же электрондук документ формасында);

**ж)** юридикалык жак түзүлгөн өлкөнүн мыйзамдарынын талаптарына (бар болгон шартта) ылайык милдеттүү түрдө лицензияланууга тийиш болгон ишкердикти жүргүзүүгө мамлекеттик же расмий тилде аткарылган лицензиянын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же тиешелүү өлкөнүн мыйзамдарына ылайык нотариалдык жактан күбөлөндүрүү мүмкүн эмес болгон шартта юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү жана юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**з)** колтамга үлгүлөрү жана мөөрү түшүрүлгөн карточкада көрсөтүлгөн, эсептеги акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу экендигин тастыктаган документтердин (ыйгарым укуктуу башкаруу органдарынын чечимдеринин, буйруктардын, ишеним каттардын ж.б.) түп нускасы же болбосо юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү жана юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;

**и)** эгерде, обочо бөлүм жөнүндө документте же обочо бөлүмдүн жетекчисине берилген ишеним катта бул чагылдырылбаса, операциялар тизмеги жана операцияларды ишке ашырууга юридикалык жактын расмий макулдугу чагылдырылган документ;

**к)** обочо бөлүм анын негизинде иш алып барган (мисалы, Филиал жөнүндө жобо ж.б.) бардык өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен даярдалган документтин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн же тиешелүү өлкөнүн мыйзамдарына ылайык нотариалдык жактан күбөлөндүрүү мүмкүн эмес болгон шартта юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү жана юридикалык жактын/филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисинин колу коюлуп күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**л)** обочо бөлүмдүн акча каражаттарын башкарууга ыйгарым укуктуу адамдын инсандыгын күбөлөндүргөн документинин көчүрмөсү.

***Эскертүү:***

- Бардык документтер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык легалдаштырылышы керек. Эгерде Кыргыз Республикасынын резиденти эмес юридикалык жак 1961-жылдын 5-октябрындагы чет өлкөлүк расмий документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгарган Конвенцияга (Гаага конвенциясына) катышкан өлкөлөрдүн резиденти болуп саналса, анда документтерди легалдаштыруу талап кылынбайт.
- Легалдаштыруусу талап кылынбаган документтерге апостиль коюуга тийиш.
- Банкка берилген документтин түп нускасы чет тилде түзүлгөн болсо, ошол документтин котормочу мекеме тарабынан күбөлөндүрүлгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилине котормосу берилүүгө тийиш.
- Мөөрдү коюу тууралуу талап тиешелүү өлкөнүн мыйзамдарынын өзгөчөлүгүнөн улам, мөөрү болбогон резидент эмес юридикалык жактардын филиалдарына жана өкүлчүлүктөрүнө таркатылбайт.

**Белгиленген тартипте ратификацияланган эл аралык макулдашууларга ылайык иш алып барган эл аралык уюм, анын долбоору, дипломатиялык же консулдук өкүлчүлүктөрү үчүн:**

**а)** колтамга үлгүлөрү карточкасында көрсөтүлгөн, келишимдерге жана финансылык документтерге биринчи жана экинчи кол коюуга ыйгарым укук берилген жактар тарабынан кол коюлган жана юридикалык жактын мөөрү менен тастыкталган банктык эсеп ачуу үчүн анкета-арыз (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**б)** Кардардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн колтамгаларынын үлгүлөрү жана Кардардын мөөрү түшүрүлгөн, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан же эл аралык уюм, анын долбоору, дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүк резиденти болуп саналган тиешелүү өлкөнүн Кыргыз Республикасындагы элчилиги тарабынан күбөлөндүрүлгөн карточка;

**в)** бенефициардык ээсинин анкетасы (бланкасы Банк тарабынан берилет);

**г)** эл аралык уюм, анын долбоору, дипломатиялык же консулдук өкүлчүлүктөрү анын негизинде иш алып барган, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган эл аралык келишимдин же башка документтин Кардар өзү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**д)** эл аралык уюм же анын долбоору жөнүндө жобонун (бар болгон шартта) Кардар өзү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**е)** адам эсепти башкарууга ыйгарым укуктуу экендигин тастыктаган документтердин (ыйгарым укуктуу башкаруу органдарынын чечимдеринин, буйруктардын, ишеним каттардын ж.б.) Кардар өзү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

**ж)** юридикалык жактын акча каражаттарын башкарууга ыйгарым укуктуу адамдын инсандыгын күбөлөндүргөн документинин көчүрмөсү;

**з)** ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин) эл аралык уюмдун, анын долбоорунун, дипломатиялык жана консулдук өкүлчүлүктөрдүн жана алардын кызматкерлеринин аккредитациялангандыгын тастыктаган каты (түп нускасы же Кардар өзү тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү).

***Эскертүү:***

- Бардык документтер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык легалдаштырылышы керек. Эгерде Кыргыз Республикасынын резиденти эмес юридикалык жак 1961-жылдын 5-октябрындагы чет өлкөлүк расмий документтерди легалдаштыруу талабын жокко чыгарган Конвенцияга (Гаага конвенциясына) катышкан өлкөлөрдүн резиденти болуп саналса, анда документтерди легалдаштыруу талап кылынбайт.
- Легалдаштыруусу талап кылынбаган документтерге апостиль коюуга тийиш.
- Банкка берилген документтин түп нускасы чет тилде түзүлгөн болсо, ошол документтин котормочу мекеме тарабынан күбөлөндүрүлгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик же расмий тилине котормосу берилүүгө тийиш.